Мизамдыктардын кызыктуу окуялары

МИЗАМ

көзгө
көрүнбөгөн
укмуштуу
дүйнө



# БАЛЫК УУЛОО

ARCUS PUBLISHING


Менин атым – **Ульт.** Жакын досум – китеп. Китептен бардык суроолорго жооп таба алам.
Менин атым – **Ррон.** Ар-р кандай оор-р нер-р-рселерди жылдыр-р-ып, көтөр-р-үп, ыр-р-ргыта алам. Эгер-р секир-р-рсем, жер-р титир-р-рейт.

## САЛАМ! САЛАМ! САЛАМ!

Биз Мизам деген сыйкырдуу дүйнөдө жашайбыз! А сенин атың ким? Өз атыңды төмөн жакка жазып кой. Биз балдарга жашыруун жардам беребиз. Эгер балдар кыйын жагдайга туш келсе, анда токойдогу эң бийик бактагы жылдыз күйөт. Биз ошол замат жардамга барабыз. Бизди чоң кишилер көрбөйт, анткени алар чоңойгондон кийин сыйкырга ишенбей калышат.



Бир күнү Ранни балык уулап келе жатып, Токи менен Хопко жолугуп калды. Алар бакта өскөн жемиштер менен май токочторду жыйнап жүрүшкөн экен.

– Мен бүгүн мо-мун-дай балык кармап алдым! – деп Ранни мактанды.

–Алдабачы! – деди Хоп.

– Алдаган жокмун, - деп жооп берди Ранни.



– Хоп, сен антип айтпа, – деп кийлигише кетти Токи. – Чыныңды айтсаң, анан башкалар ишенбей турса, жаман да!

– Балыкчылар ашыкча мактана берет, – деди Хоп моюн бербей.

– Кел, анда эртең мени менен балыкка бар. Ошондо өз көзүң менен көрөсүң! – деди Ранни.

– Макул!

– Эң жакшы, – деди Токи. – Келгиле, бактагы токоч, шабдаалы менен алмаларды чогулталы.





Ранни Хопту эртең менен эрте ойготту. Хоп эрте тургусу келген эмес. Бирок убада берген соң сөзгө туруш керек. Антпесе, эч ким ишенбей калат.

Достор себетке май токоч, жемиш салышты. Ранни камыштан жасалган кайырмагын алды. Ал жөн кайырмак эмес, сыбызгы-кайырмак эле. Ранни балыкты кайырмак менен кармачу эмес. Ал балыктарды жаныбарлар, канаттуулар тууралуу табышмак айтып берип кармачу.




10



Анын балык кармаган амалы мындайча эле. Балыктар табышмакты угуп бүтүп, анын жандырмагын табыш керек. Эгер таппай калса, анда алар кайырмакка «илинген» болушат.



Ранни дайыма балык уулардын алдында тыйын чычкан, кашкулак, бугу жана канаттуулар тууралуу жаңы окуяларды угат. Китептен да окуйт. Мизам өлкөсүндө сүрөттүү китептер өскөн китеп дарагы да бар. Алардан көптөгөн кызыктуу нерселерди билүүгө болот!

Достор суу жээгине келишти. Ал жерде мажүрүм тал өсөт. Анын бутактары бутту салаңдатып отурууга өтө ыңгайлуу. Ранни сыбызгы-кайырмагын созуп кирди. Ошол замат мажүрүм талдын түбүнө балыктар толуп калды.



«Илгери бир акыра болуптур. Ал бийик нерселерден аябай коркчу экен, – деп баштады Ранни. – Акыра - жер жүзүндөгү мойну узун жаныбар. Ал мойнун созсо, экинчи кабатка чейин жете алат. А биздин акыранын мойну үчүнчү кабатка да жетчү. Бирок ал тике тургандан аябай коркчу. Ал узун мойнун созгондо, башы айланып кетчү. Ага кантип жардам берүүнү эч ким билчү эмес.

Бир күнү саваннада саякатчы таш бака пайда болду. Ал Африканы бүт кыдырып чыккан эле. Көптү көрүп, көптү билчү. Ал капалуу акыраны көрдү. Акыра куурап калган чөптөрдү оттоп жаткан. Таш бака анын бакта өскөн ширелүү жалбырактарды жебей жатканына таң калды. Акыра ага өз арманын айтып берди. – Анын айласын мен билем! – деди таш бака, – ал мындай.



Ранни токочун алып чыкты.
– Таш бака эмне деди? –деп сурады Хоп.



– Андан ары эмне болгонун баары билгиси келет, – деди Ранни сууга токочту майдалап ыргытып жатып.

Мына сага! Мажүрүм талдын түбүнө балыктар толуп кетти! Алар көз ачып-жумгуча токочту талап жеп, окуя эмне болуп бүтөрүн күтүп калышты. Ранни сөзүн улантты.







Досторуңдун баарын чакырчы, – деди таш бака акырага. Качан акыралар, кийиктер, зебралар келгенде, таш бака аларга тикенектүү акациянын жаш бутактары менен жалбырактарын алып келгиле деди. Акыралар акацияны өзгөчө жакшы көрүшөт. А биздин акыра





акацияны жеп көргөн эмес. Анткени жетчү эмес. Таш бака акыранын астына акациянын жалбырагын таштады. Ал даамын татып көрүп, жей баштады. Калгандары акация көчөттөрүн отургузушту. Эмнеге антишти, билесиңерби?



– Мен түшүндүм! – деп Хоп кыйкырып жиберди. – Көчөт өскөн сайын, акыра да улам мойнун созо берет. Ошентип бара-бара бийик-тикке көнүп калат!

– Туптуура! Так ошондой болду. Акыра азыр эң бийик бактардын даамдуу жалбы-рагын жейт. Алдынан таш бака чыгып калса, моюну узунуна карабай, башын ийип учурашат.







Аңгыча суу шарп этти. Балыктар куйруктары менен сууну чаап жатышкан. Алардын колу жок, ошон үчүн сууну куйругу менен чабышат.

– Азыр табышмак айтам! – деди Ранни. Балыктар сууну андан да катуу чапкылап киришти. Аларга табышмактар абдан жагат.



– Кайсы куш учканды билбейт? – деп сурады Ранни.

– Уча албаса анын эмнеси куш? – деп таң калды Хоп.

– Бул канаттуунун канаты алсыз, буту укмуштуудай күчтүү. Ал абдан ылдам чуркайт жана ушунча катуу тебет дейсиң, андан оолак жүргөн жакшы!



– А-а, бул төө куш да! – деди Хоп. – Китептен сүрөтүн көп көргөм. Бирок анын уча албасын билбепмин.

– Мына эми билесиң, – деди Ранни.

– Экинчи табышмак. Ал куш уча албайт, бирок сууда жакшы сүзөт!

Суу оргуштай баштады. Балыктар сүрөт тартып жаткансыды. Достор суудан жаныбардын элесин көрүштү. Анын денеси жумурткадай экен. Жалпак канаттары бар. Буттары кыска, бирок жоон. Башы тоголок, тумшугу ийри жана курч.





– Таптыңар! – Бул пингвин. – Каадаланып басканы күлкүнү келтирет. Алар катуу суктан да коркушпайт.

Балыктар кубана бийлеп киришти.

– Үчүнчү табышмак: бул куштун канат, куйругу жок. Муруту мышыктыкындай. Тумшугу узун жана бекем. Жүндөрү калың.

Хоп бул кайсы куш экенин эстей албады. Балыктар өз тилинде кеңеше башташты. Бир кезде алтын балык-карп суудан чыгып, башын чайкады. «Балык деп ушуну айт! – деп ойлоду Хоп. – Мен Ранниге бекер эле ишенбепмин. Анын табышмагына ушундай алп балыктар да илинет тура!»

– И, таптыңарбы? – деп сурады Ранни.

– Тапкан жокпуз, – деди Хоп баары үчүн.

– Бул киви деген куш! Ал Жаңы Зеландияда гана жашайт. Учпайт. Мизамда киви кушу жок, бирок киви деген даамдуу жемиш өсөт.





– Мен аны абдан жакшы көрөм, – деди Хоп тамшанып. – Бүгүн биз баарына табышмакка чо-о-ң балыктар эле эмес, Хоп да илинет экен деп айтып беребиз. Бул калп эмес, бул чындык! – деп ал сөзүн бүтүрдү.



## Ранни - көзгө көрүнбөгөн сайкырдуу Мизам өлкөсүнүн жашоочусу.

Раннинин сүрөтүн боё.



Ранни балык кармоону абдан жакшы көрөт.


МИЗАМ

Деңгээли 1.1
1 класс — Деңгээли 1.2
Деңгээли 1.3

Деңгээли 2.1
2 класс — Деңгээли 2.2

Деңгээли 3.1
3 класс — Деңгээли 3.2

Деңгээли 4.1
4 класс — Деңгээли 4.2

Автор Светлана Познякова
Сүрөтчү-иллюстраторлор Б. Суханов, М. Колосова
Башкы редактор К. Байгабулова
Көркөм редактор А. Раимбекова
Редактор Л. Алексеева
Корректорлор Л. Алексеева, М. Левченко
«Аруна» басмасынын дизайн борбору Е. Жарыкбасов
Котормочу Э. Турганбаев

Балдар үчүн басылма

УДК 821.161.1-93
ББК 83.8
П 47
П 4803010201-19
ISBN 978-9967-9238-4-3

© «Аруна ltd», 2019
© «Издательство «Аркус», 2019

Басууга 04.12.2019-ж. кол коюлду.
Офсеттик басма. Офсеттик кагаз.
Форматы 203 × 213 мм. DS SchoolBook арибы.
Нускасы 1041. Буйрутма № 495.

Басма иштери «Издательство «Аркус»
ЖЧКда даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

«Триада Принт» ЖКЧ
басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46

Бул китеп АКШнын эл аралык өнуктуруу боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтулгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим учун азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду.

Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН